***СОЦИОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ***
***СОЦИОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ***
***SOCIOLOGICAL SCIENCES***

***DOI:10.26104/NNTIK.2023.46.71.029***

*Меңдибаев Н.*

# КЫРГЫЗ АЙЫЛДАРЫНДАГЫ СОЦИАЛДЫК ИДЕНТТҮҮЛҮК ЖАНА АЛАРДЫН АЙРЫМ АСПЕКТИЛЕРИ

*Мендибаев Н.*

# СОЦИАЛЬНАЯ ИДЕНТИФИКАЦИЯ В КЫРГЫЗСКИХ СЕЛАХ И ЕЕ НЕКОТОРЫЕ АСПЕКТЫ

*N. Mendibaev*

# SOCIAL IDENTIFICATION IN KYRGYZ VILLAGES AND ITS SOME ASPECTS

*УДК: 316.42*

*Бул макалада айыл аймактарында социалдык иденттүүлүк жана алардын айрым аспектилери талдоого алынып, ошондой эле бүгүнкү күндө Кыргызстанда экономиканын жана коомдун өзгөрүлмөлүү шартында айыл жериндеги калктын жашоосунун деңгээлин жана сапатын жогорулатуу негизги маселелерден экендигине көңүл бурулат. Бул контекстте айылды айыл жергесине тиешелүү белгилерге ээ болгон, коомдун социалдык-аймактык подсистемасы катары кароо туура болот. Андыктан айыл тургундарынын жумуш менен камсыз болушу айыл коомчулугун бириктирүүчү жана социалдык капиталды сактоого жана өнүктүрүүгө көмөктөшүүчү факторлордун бири болуп саналат. Кыргызстандын айыл аймактарынын өнүгүшү – бул мамлекеттин стратегиясынын курамдык органикалык бир бөлүгү катары кароо зарыл экендиги эске алынат. Ушуга байланыштуу айыл аймактарынын өнүгүүсүнүн саясий жагдайы биринчи кезекте мамлекеттин аймактык бүтүндүгүн жана өлкөдөгү саясий туруктуулукту сактоодо турат. Андыктан айылдын экономикасынын бекем жана динамикалык өнүгүүсү – бул эбегейсиз зор айыл аймактарынын калкын сактап калуунун кепилдиги жана негизи болуп эсептеле тургандыгына көңүл бурулат.*

***Негизги сөздөр:*** *айыл, айылдык аймак, аймактык өнүгүү, социалдык иденттүүлүк, жарандык иденттүүлүк, аймактык иденттүүлүк, өзүн-өзү иденттештирүү, айылдык көйгөйлөр, аймактык көйгөйлөр.*

*В этой статье рассматриваются социальная идентификация в сельских регионах Кыргызстана и ее некоторые аспекты, а также обращается внимание на развитие сельских территорий как органичную составную часть данной государственной стратегии. В связи с этим рассмотрятся социальный аспект развития сельских территорий заключается в первую очередь в сохранении территориальной целостности государства и политической стабильности в стране. В данном контексте предполагается рассмотрение села как некой социально-территориальной подсистемы общества, обладающей соответствующими признаками сельской местности. Исходя из данного определения, мы базируемся на исходной посылке в том, что занятость сельчан выступает одним из факторов, сплачивающих сельскую общность и способствующих сохранению и развитию социального капитала. С точки зрения социологического подхода, на наш взгляд, наиболее адекватным является определение региональной идентичности как результата когнитивного, ценностного, эмоционального процессов осознания принадлежности индивида к своему региональному сообществу, проявляющихся в созидательной деятельности на благо своего региона, укреплении его места и роли в системе территориальных общностей, формировании имиджа региона.*

***Ключевые слова:*** *село, сельская местность, региональное развитие, социальная идентичность, гражданская идентичность, территориальная идентичность, самоидентификация, сельские проблемы, региональные проблемы.*

*This article discusses social identifications in rural regions of Kyrgyzstan and some of its aspects, as well as draws attention to the development of rural areas as an integral part of this state strategy. In this regard, the social aspect of the development of rural areas will be considered, which primarily consists in maintaining the territorial integrity of the state and political stability in the country. In this context, it is supposed to consider the village as a certain socio-territorial subsystem of society, which has the corresponding features of the countryside. Based on this definition, we are based on the initial premise that the employment of the villagers is one of the factors that unite the rural community and contribute to the preservation and development of social capital. From the point of view of the sociological approach, in our opinion, the most adequate is the definition of regional identity as the result of cognitive, value, emotional processes of awareness of the individual's belonging to his regional community, manifested in creative activity for the benefit of his region, strengthening his place and role in the system of territorial communities*

***Key words:*** *village, rural area, regional development, social identity, civic identity, territorial identity, self-identification, rural problems, regional problems.*

Бүгүнкү мезгилдин мерчемине жараша өлкөбүздө экономикабыздын жана коомубуздун өзгөрүлмөлүү көрүнүшүнө ылайык элет жериндеги элдин жашоо турмушунун абалын, бүгүнкү күндүн талабына ылайык жогорулатуу учурдун негизги маселелери экендиги талашсыз. Ошондон улам элеттин эли бир топ экономикалык жагдайдагы, психологиялык жана, эмоционалдык жагдайдагы көйгөйлөрдү өз баштарынан өткөрүп жаткандыгы да бекеринен эмес. Акыркы мезгилдеги өткөрүлүп жаткан ар кыл деңгээлдеги социологиялык изилдөөлөр айылдык калктын жашоо-турмуш деңгээли анча канааттандырарлык эмес экен-

дигин белгилеп жана ар кандай көйгөйлүү маселелер социалдык жактан да күчөп бара жаткандыгын көрсөтөт. Мындай көрүнүш элеттиктердин турмуш-жашоо деңгээлин жана социалдык ал-акыбалын тереңирээк изилдөө аркылуу, өлкөбүздүн социалдык-экономикалык саясатын жакшыртуунун негизги багыттарын иштеп чыгууга мүмкүндүк берет. Мына ушундай иш аракеттер өз учурунда регион аралык акыбал боюнча даректүү сунуштарды иштеп чыгууга өз таасирин тийгизе алат. Анткени бүгүнкү күнү өлкөбүздүн жалпы калкынын 65% көбүрөөгү элет жеринин тургундарын түзүшөт. Андыктан айыл калкынын турмуш-абалын жакшыртмайынча жалпы Кыргызстандын абалын жогорулатуу мүмкүн эмес.

Бүгүнкү глобализация мезгилинде социалдык иденттүүлүк жана иденттешүү маселелери бир топ актуалдуу көйгөйлөрдөн болуп келет. Анткени мындай көрүнүш жаңыдан телчигип келе жаткан өлкөбүздүн гүлдөп-өнүгүүсү үчүн негизги пайдубал болуп бере ала тургандыгы айныгыс чындык. Андыктан өлкөбүздүн жарандык, этникалык, маданияттык, диний жана башка тармактык социалдык иденттүүлүгү жана иденттешүүсү аркылуу өнүктүрүү, өзгөртүү, ар тараптан бекемдеп стратегиялык багыттарын аныкпоо, тактоо бүгүнкү күндүн маанилүү маселелеринен. Демек, дайыма өзгөрүлүп жаткан коомубузду изилдеп үйрөнүү, анын келечекки өнүгүү божомолдорун тактап, аныктап билүү бүгүнкү күндөгү жалпы адамзаттык маанилүү маселерден экендиги мезгил талабы. Андыктан коомдун ар тараптуу өзгөрүп-өнүгүүсү мезгилдин изилдөөсүн талап кылган көрсөткүч болуп эсептелет. Коомдогу негизги компоненттер башкача айтканда адамдардын өнүп-өзгөрүүсү үчүн алардын бардык кызыкчылыктарынын биримдиги маанилүү көрсөткүч болуп саналат. Ошондон улам да профессор К.Исаев туура белгилегендей: жалпы же окшош кызыкчылыктары бир мамлекетте жашагандыктан алардын жарандыкка болгон, этникалык таандуулукка болгон сезимдери, социомаданий таандык сезимдери, ошондой эле диний таандуулук иденттешүүсү бүгүнкү күндүн талабына ылайык ар тараптуу изилдениши зарыл деп туура белгилеген [1].

Социалдык идентүүлүк бүткүл дүйнөдөгү жана бир өлкөдөгү атуулдардын ишмердүүлүгүнүн социалдык, экономикалык жана саясий шарттарынан көз каранды болгон инсандын аң-сезиминин элементи. Экономикалык, саясий, маданий жана азыркы динамикалык шарттары жана башка проблемалары иденттүүлүктүн суроолору деп айтууга болот. Мындан сырткары көп конфликтер иденттүүлүк маданияттардын жана баалуулуктардын айырмалары менен байланышкан. Социалдык иденттүүлүк топтор аралык мамилелердин негизи катары гана каралбастан, адам өзүнө кабыл алган коомдогу ишмердүүлүктүн индивидуалдык өздөштүрүүнүн, тарыхтын жана маданияттын белгилүү критерийи катары да каралат. Азыркы социологияда социалдык иденттүүлүктүн түрдүү трактовкалары көрсөтүлгөн. Маданият контекстинде ар түрдүү маданий тезаурустардын маанилери жана белгилерин окшоштуруу аркылуу, социалдык структураны окуп үйрөнүү жана анын өнүгүүсүнүн перспективасы социалдык тилектештиктин иденттешүүсүн түшүнүү аркылуу, социалдык иденттүүлүктүн интерпретациясын социалдашуу процессиндеги нормаларды жана баалуулуктарды интероризациялоо аркылуу жана башка көрүнүштөрдө. Жалпылап айтканда социалдык иденттешүү – социалдык иденттүүлүктү социалдык үлгүлөр, топтор, типтер, сапаттар, касиеттер менен окшоштуруу жана теңдөө жардамында калыптануу процесси. Социалдык иденттүүлүк-социалдык иденттешүүнүн жыйынтыгы. Бул түшүнүктөрдүн бөлүнүүсү белгилүү бир кыйынчылыктар менен байланышкан, анткени алар карым-катнашта жана бири экинчисиз болушу мүмкүн эмес: иденттүүлүк иденттешүүнүн сапаты менен аныкталат, иденттешүү өз кезегинде иденттүүлүктүн касиеттеринен жана абалынан көз каранды.

Социалдык иденттүүлүк инсандын социалдык конструкторунун системасы болгон бирдиктүү динамикалык билим берүү катары турат. Ал социалдык салыштыруунун, өз ара карым-катнаштын жүрүшүндө, социалдык чөйрөдөгү өзүнүн ордун кайра карап чыгуу жагдайларына дуушар болгон субект тарабынан конструкцияланат. Бул системанын жарамдуулук фокусу социалдык шарттарга адаптациясын камсыздоого багытталган. Психологияда социалдык идент-түүлүк изилдөөлөрдүн жаш областы болуп саналат. Кеңири таралган көз караштарга ылайык социалдык иденттүүлүктүн структурасына идентификациялык мүнөздөмөлөрдүн көп түрлөрү кирет: үй-бүлөлүк, жыныстык, курактык, кесиптик ж.б. Алардын арасында социалдык жана атуулдук иденттүүлүк маанилүү орунду ээлейт [2].


Айыл калкынын социалдык иденттүүлүгү жана социалдык иденттешүүсү активдүү социалдык ой-сезиминдеги баалуу пикирлеринин натыйжасында чагылдырылат.

Айыл жашоочуларынын социалдык акыбалы эртеңки күнгө болгон кабатырлануусу аларга болгон үмүт артпагандыгы менен мүнөздөлөт. Мындай ишенимсиздиктин көрсөткүчү бул айылдыктардын ишенимдүүлүк чен өлчөмү боюнча жумуш тандоого аракеттенүүсү: сурамжылоого катышкандардын 41,8% “азыраак болсо да жашоого ылайыктуу эмгек акы жана эртеңки күнгө ылайыктуу ишенимди” бардыгынан жогору коё тургандыгын билдиришсе, ал эми 26,9% “кичине да болсо, жашоого жете турган эмгек акыга жетишип калуу” дурус көрүнүш болот эле деген ой пикирде. Сурамжылоого катышкандардын 13,2% болсо келечекки жашоо тиричилиги үчүн эч кандай мүм-

күнчүлүк берилбесе да көбүрөөк эмгек акы табууну, башкача айтканда өзүнүн жеке ишкердүүлүгүн тобокелчиликке салып жашоо үчүн аракет кылууну жогору коё тургандыктарын билдиришти. Демек бүгүнкү күндөгү жашоонун негизги критерийи болгон жумуш менен камсыз болуу айылдагы негизги приоритеттүү багыттардын бири экендигин дагы бир ирет тастыктап көрсөттү.

*Диаграмма 1*


**Айылдыктардын жумуш тандоодогу иденттүүлүк пикирлери**




Айыл жашоочуларынын ой-пикирине ылайык айыл калкынын дегеле алар жашаган аймактын өзгөчөлүгү алар жашаган аймактык жаратылыштык факторлоруна ошондой эле адам факторуна да байланыштуу болот. Анткени айыл калкы өздөрү жашоо өткөрүп жаткан аймактык жаратылыштын тескери таасирлерине караганда жашоо үчүн ыңгайлуу болгон оң тарабын көбүрөөк белгилеп көрсөтүшөт. Андыктан айыл калкынын пикири боюнча айылдын аймактык жаратылыштык түзүлүшү адамдардын жашоо ыңгайы үчүн бир топ жогорку деңгээлдеги ыңгайлуулук экендиги айныгыс чындык. Ошондон улам да айылдын кооз жаратылышы айыл жашоочуларын өзүнө тартып турган негизги фактор экендигин сурамжылангандардын 46,5% белгилешсе, ушул эле ой-пикирдин тескериси көрүнүшү болгон айылдын климаты өтө катаал экендигин сурамжылоого катышкандардын 17,6% билдиришет. Ал эми айыл калкынын адамдары боорукер, кичи пейил боло тургандыгын - 47,2% респонденттер белгилешсе, ушул эле ой-пикирдин тескериси көрүнүшү болгон айыл адамдарынын түнт болушун, башка адамдар менен мамилеге оңойлук менен келе беришпей тургандыгын - 27,2% респонденттер билдиришкен. Бүгүнкү күндө айыл аймагынын келечектүүлүгүн, анын келечекте аткарыла турган перспективалуу көптөгөн иш чаралар бар экендигин сурамжылоого катышкандардын 40,5% билдиришкен. Ошондой болсо да бүгүнкү күндөгү айылдык турмуш тиричиликтин терс жагдайын 52,9% айылдыктар билдиришип, “айылда жашоо токтоп калгандай көрүнөт деп айылдагы алгылыктуу демилгелерди көрө билбегендер да жок эмес экендигин белгилөөгө болот. Ошол эле учурда айыл калкынын арасындагы “демилгелүү адамдар үчүн аябагандай эле көп мүмкүнчүлүктөр бар экендигин” ойлогон айыл калкынын жашоочулары сурамжылоого катышкан респонденттердин үчтөн бирин башкача айтканда 29,8% түзүшөт. Демек бүгүнкү күндөгү айылдын жашоо өзгөчөлүгү бул аймактын кооз жаратышы менен айырмалангандыгы, айылдык адамдардын кичи пейилдик, ыймандуу мамилелеринин болушу, айылдык жашоо турмушу үчүн келечектүү жакшы саамалыктардын бар экендигин көрсөткөн багыттар да бар экендигин белгилөөгө болот.

*Диаграмма 2*

**Айылдын өзгөчөлүгү жөнүндөгү айылдыктардын ой пикирлери**




Айыл аймагы өздөрүн бирдиктүү бир айыл калкынын жашоочулары катары идентешүүсүнүн позитивдүүлүгү социеталдык коомчулук иретинде аймактын өнүгүү өзгөчөлүгүнүн ыңгайлуу же ыңгайсыздыгы жөнүндөгү жагымдуу ой-пикирлери аркылуу билдирилет. Ошондой эле айыл калкынын көпчүлүгү өзүнүн айылынын шартында өзүн иш менен көрсөтө алуу мүмкүнчүлүгү бир топ чектелүү экендигин, ал эми демилге көрсөтүү мүмкүнчүлүктөрү өтө төмөн экендигин белгилешет. Бул айылдыктардын жаңычылдык, рыноктук потенциалын басаңдатып, алардын чөйрөгө карата жана өзүнүн өнүгүү шарттарына болгон талабынын деңгээлин төмөндөтөт.

Сурамжылоо жүргүзүлгөндөрдүн көпчүлүгү өздөрү жашап жаткан жерди сүйүп, жакшы көрүшөт: анткени айыл тургундарынын 47,4% айылдык жашоонун ыңгайына, мүмкүнчүлүктөрүнө ыраазы экендиктерин билдиришип, кубануу менен белгилешет. Ал эми айыл жашоочуларынын 34,9% айылдык турмуш-тиричиликтеринин жашоосуна жалпы жөнүнөн наразычылыктарынын жок экендиктерин билдиришип, ошондой болсо да айылдык турмуш-тиричиликтеринде көптөгөн жетишпестиктер бар экендиктерине ызаланышат. Бүгүнкү күндө айыл аймактарынын жашоочулары өздөрүнүн айылдык турмуш-тиричиликтерин аймактагы жер иштетүү аракеттери менен түздөн түз байланыштырышат. Ошондой болсо да 11,1% айыл жашоочулары өздөрү жашаган аймактары боюнча анчейин деле айылга берилген өзгөчө сезимдери жок экендигин көрсөтүшкөн. Ал эми 3,4% айыл жашоочулары айылдык турмуш-тиричилик өздөрүн канааттандырбаса деле айылдык жашоого көнүп калгандыгын, натыйжада айылдан башка жактарга көчүп кетүү ойлорунда жок экендигин билдиришет. Ошондой болсо да өздөрү жашаган айылдан башка жактарга чыгып кетүү жөнүндө ойлогон 1,2% сурамжылоого катышкан айыл жашоочулары да бар. Демек, натыйжада айыл калкынын көпчүлүк жашоочулары өздөрү жашап жаткан аймактык айылдарда турмуш-тиричилик жашоосундагы мүмкүнчүлүктөрүнө ыраазы экендиктерин билдиришип, ошондой болсо да айыл аймактарындагы коомдоштук окшоштуктарында көптөгөн жетишпестиктер бар экендиктерине кабатыр-ла-нышат. Натыйжада айыл аймагынын калкы өздөрү туулуп өскөн айыл аймагына жана жашоо ыңгайына көнүшүп, өз аймак Ата журтун жакшы көрүп, сүйүп, жашап жаткандыгынын жогорку деңгээлин белгилеп көрсөтүүгө болот.

*Диаграмма 3*

**Айылдыктардын өздөрү жашаган айылы жөнүндөгү иденттүүлүк ойлору**



Социалдык иденттүүлүк интеграция жана дифференциация процесстерине негизделген. Аларда өздөрүн жалпылыкка таандыгын жана ошол эле учурда башкалардан айырмаланып тургандыгы тууралуу сунуштар чагылдырылат. Ошондуктан иденттүүлүк тигил же бул түрлөрүндө камтылган интеграциялоочу же дифференциациялоочу кандай сапаттар бар экендигин түшүнүп алуу маанилүү.

Этникалык жана жарандык иденттүүлүктөр социалдык иденттүүлүктүн түрлөрү катары этноско же мамлекетке тиешелүү индивид экендигин түшүнүү деген гана маанини билдирбестен, "биз" деген жалпылыктын биримдигин жана бүтүндүгүн "алар" деген башка жалпылыктар аркылуу да билдирет. Багыт алуу, стреотиптердин деңгээлиндеги улуттук аң-сезимибизде элдердин жашоо түрү, стили алардын нормалары, баалуулуктары чагылдырылат [3]. Демек, айыл калкынын өздөрүн иденттештирүүсү бир убакта биринчиден, айыл калкынын жашоо маанайларын изилдөөдөгү курал катары кызмат кыла алса, экинчиден айыл калкынын социалдык статусунун субъективдүү ой-пикирине объективдүү жашоо ыңгайынын дал келишинин даражасын аныктайт. Ошондон улам айылдык жашоочулардын өздөрүн иденттештирүүсүн канчалык деңгээлде сезе биле тургандыгын аныктоо үчүн "Сиз өзүңүздү адамдар менен жакын же алыс "бөтөнөз" экениңизди кандай деңгээлде сезесиз" деген сурамжылоо аркылуу байкап, натыйжада айыл тургундарынын ой-пикирлери төмөндөгүдөй болду: айыл жашоочулары өздөрүнүн бир айылда жашап жаткан айылдаштарын бир кыйла өздөрүнө жакын сезишет, мындай маанайдагы жашоочулар респонденттердин 72,8% түзүшкөн. Экинчи орунда райондук борбордук бөлүктүн жашоочуларын 13,2% респондент айыл аймактык топтун өкүлдөрүн "өзүмдүкү" деп белгилешкен. Ошол эле мезгилде "жакын, бирок өзүбүздүкү эмес" деп сурамжылоого катышкан айылдыктардын 50,2% көрсөтүшкөн *(1-таблица).*

*Таблица 1*

**Айылдыктардын өзүн иденттештирүүсүнүн көрсөткүчү.**

| **Жооптордун варианты** | **Айылдыктардын иденттүүлүгүнүн көрсөткүчү** | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Өз** | **Жакын бирок өз эмес** | **Айырмасы жок** | **Алыс бирок бөтөн эмес** | **Бөтөн** | **Жооп бере албайм** |
| Мен жашаган айылдын жашоочулары | **72,8%** | 17,5% | 5,8% | 2,2% | 0,6% | 1,1% |
| Райондук борбордун жашоочулары | 13,2% | **50,2%** | 18,2% | 11,5% | 3,4% | 3,5% |
| Менин областымдын бардык жашоочулары | 4,3% | **21,0%** | **38,2%** | **27,4%** | 3,4% | 5,6% |
| Кыргызстандын борборунун жашоочулары | 3,8% | 10,2% | **24,2%** | **45,5%** | 9,6% | 6,8% |
| Кыргызстандын бардык жашоочулары | 8,1% | 7,2% | 20,9% | **34,1%** | 17,1% | 12,7% |
| Бүткүл жер шаарынын жашоочулары | 2,5% | 3,5% | 14,0% | 11,0% | **38,1%** | **30,9%** |

Адамдын коомду таануу, ага кошулуу процесси бул өзү жашаган социомаданий мейкиндик менен аракеттешүүнүн жүрүшү десек болот. Анткени бул процесс үч нерсени камтыйт: өзү жашап жаткан дүйнөнү түшүнүүнү, аны кабыл алууну жана ага көнүүнү. Натыйжада инсандын субъективдүү дүйнөсү калыптанат. Ал дүйнө адамдын жан дүйнөсүндөгү реалдуу дүйнөнүн образы, аны баалашы, ага мамилеси болуп саналат. Эң негизгиси, индивиддин ушул дүйнөсүндө анын социомаданий мейкиндик менен өзүн иденттештириши камтылган. Адамдын турмуштук тажрыйбасынын аркасында социомаданий реалдуулуктун субъективдүү өздөштүрүлгөн образы түбөлүктүү эмес, ал дайыма өзгөрүү процессинде болуп, коррекциялоого дуушар болот. Себеби адам менен социомаданий мейкиндиктин байланышы, мамилеси, өз ара аракеттениши анын өмүрү өткөнчө уланып, үзгүлтүксүз мүнөздө жүрөт. Демек, адамдын социо-маданий иденттүүлүгү динамикалык процесс болуп, "маданий нормаларды, жүрүш-туруш үлгүлөрдү, баалуулук багыттарды, тилди түшүнүүнү жана аны кабыл алууну, "өздүгүн" коомдогу маданий үлгүлөрдүн негизинде аныктоону, аларга өзүн окшоштурууну камтып, бүтпөгөн мүнөздө болот [4]. Инсан социо-маданий иденттүүлүгү аркылуу өзүн ошол мейкиндиктин ажырагыс бөлүгү катары кабыл алат.

Айыл жашоочуларынын башка көрсөтүчтөр аркылуу өздөрүн иденттештирүүсү мындан да төмө-нүрөөк көрсөткүчтөрдү көрсөтөт. Бирдиктүү областын тургундары менен сурамжылоого катышкан айыл тургундарынын 4,3% гана жалпы иденттүүлүктү сезишсе, көпчүлүк сурамжылоого катышкандар башкача айтканда үчтөн бир бөлүгү (38,2%), кошкөңүл маанайды билдиришкен. Ошол эле мезгилде бирдиктүү областын тургундарын "жакын, бирок өзүбүздүкү эмес" - деп сурамжылоого катышкан айылдыктардын

21,0% билдиришкен.

Айылдыктар үчүн Кыргызстандын борборунун жашоочулары да бир топ алыстык маанайды түзөт. Ошондон улам да аларды “өзүбүздүкү” деп айыл жашоочуларынын 3,8% гана эсептешет. Ошол эле мезгилде сурамжылоого катышкандардын 45,5% “алыс, бирок бөтөн эмес” деп борбордук жашоочуларга жакындык маанайын билдиришкен. Ал эми Бүткүл Кыргызстандын жашоочулары айыл аймагынын жашоочуларына, борбордун жашоочуларына караганда да бир топ жакыныраак сезилет. Анткени “өзүбүздүкү” деп аларды сурамжылоого катышкандардын 8,1% атаса, аларга болгон кош көңүл мамилени 20,9% айыл жашоочусу билдирген. Ошол эле мезгилде “алыс, бирок бөтөн эмес” деп 34,1% сурамжылоого катышкан айылдыктар эсептешет. Ошондой болсо да айылдык жашоочулар Бүткүл Кыргызстандын жашоочуларын өзүнөн бир топ алыстатып, “бөтөн” деп эсептегендердин үлүшү 17,1% түзүп, бир топ жогорку деңгээлде экендигин көрсөттү [5].

Ошентип, натыйжада айыл жашоочулары өз турмуш-тиричиликтерин алгылыктуу жакшыртуу маселесинде көбүнчөсү өздөрүнүн мүмкүнчүлүктөрүнө гана ишенишип, белгилүү бир өлчөмдө жергиликтүү жана борбордук бийлик өкүлдөрүнө болгон ишеним анчейин эмес экендиктерин көрсөтөт. Андан кийин гана азыраак маанайда болсо да жердештерине, досторуна болгон ишенимге моюн артышат. Ошол эле мезгилде бул бөлүштүрүү көрсөтүлгөн субъекттердин мамилесине болгон ишенимдин деңгээлин да көрсөтүп турат: көрүнүп тургандай, турмуш практикасы айылдыктарды өзүнө жана үй бүлөсүнө гана болгон ишенимге үйрөтүп койгондой. Бул азыркы мезгилдин талабына ылайык акыл эстин, рынок экономикасынын мыйзам ченемдүүлүктөрү менен аракет кылып жашоого көнүктүрүп келет. Жогорудагы мисалдардан көрүнүп тургандай азыркы бийлик социалдык институт катары, айылдыктардын ишенимине анчалык арзыбай келгендиктен, мындай көрүнүш бийликтин легитимсиздик кризисинин өнүгүүсүндө белгилүү мүнөздүү багыттар бар экендигин күбөлөндүрүп турат.

**Адабияттар:**


1. Исаев К., Жусубалиев А., Мурзаев М. Жаран кантип идентешет. – Бишкек. - 2016. - 346 б.
2. Гришина Е.А. Идентичность гражданская. Социологическая энциклопедия: в 2 т. Т.1. - М., 2003. - С. 261.
3. Шендрик А.И. Национально-культурная идентичность как проблема современной культурологии. // в кн.: Искусство и цивилизационная идентичность (отв.ред. Н.А.Хренов). – М.: Наука, 2007. – С. 603.
4. Гришаева Л.И. Особенности использования языка и культурная идентичность коммуникантов. Монография. – Воронеж: 2007. – С. 54.
5. Мендибаев Н. Айыл социеталдык бүтүндүк катары өзгөрүлөлүү коомдо. Монография. – Б., 2014. – С. 214.
6. Мендибаев Н. Кыргызстандын айылдарындагы жашоо сапатынын деңгээли социалдык - экономикалык өнүгүүнүн көрсөткүчү катарында. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2014. №. 4. С. 227-231.